DOI:10.26104/NNTIK.2022.78.89.039

*Кадыров Абдинаби, Кадыров Акжол*

# БАТКЕН ОБЛАСТЫНДА ТУРИЗМ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

*Кадыров Абдинаби, Кадыров Акжол*

# ПРЕДПОСЫЛКИ РАЗВИТИЯ ТУРИЗМА В БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ

*Abdinabi Kadyrov, Akzhol Kadyrov*

# PREREQUISITES FOR THE DEVELOPMENT OF TOURISM IN THE BATKEN REGION

*УДК: 94 (47)*

*Аталган макалада Кыргызстанды өнүктүрүүдө туризм тармагынын орду, Баткен областында туризм тармагын өнүктүрүүгө ылайыктуу шарттар: жаратылышы, тоолору, суулары, тарыхый объектилери ж.б. ыңгайлуу болгондугуна карабастан, бул тармактын артта калып жаткандыгы белгиленген. Баткен областында туризм тармагын өнүктүрүүнүн негизги өбөлгөсү болгон тарыхый эстеликтерди, ыйык жерлерди, жаратылыш кооздуктарын сактоо максатка ылайыктуу. БатМУнун окумуштуулары тарабынан «Баткен областындагы тарыхый, ыйык жана экзотикалык жерлер: тарыхы, бүгүнкү абалы жана келечеги» аттуу конкурстук негизде каржыланган илимий долбоордун аткарылышы жана ага катышкан маркум окумуштуулар А.Жалилов, А. Машрабовдун ишмердүүлүктөрү баяндалган. Туризм тармагын мындан ары өнүктүрүү максатында «Захириддин Бабурдун баскан изи менен» аттуу туристтик экспедицияны уюштуруунун маани, мазмуну чагылдырылып, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн туристтерди тартуу аркылуу өлкөнүн казынасын толтуруунун, инфраструктураны жакшыртуу жолдору иликтенген. Баткен петроглифтери, Күзгү таш, Кен чеби сыяктуу археологиялык-тарыхый эстеликтердин туристтер үчүн мааниси жана алардын сакталуу абалы изилдөөгө алынган.*

***Негизги сөздөр:*** *Баткен, туризм, илимий изилдөөлөр, тарыхый объектилер, ыйык жерлер, мүмкүнчүлүктөр.*

*В данной статье рассматривается роль туризма в развитии Кыргызстана, условия развития туризма в Баткенской области: природа, горы, вода, исторические места и другие, несмотря на его удобство, было отмечено, что отрасль не развивается. Целесообразно сохранение исторических памятников, сакральных мест и природных красот, которые являются основными предпосылками развития туризма в Баткенской области. Исследователи Баткенского государственного университета выполнили научно-исследовательский проект: «Исторические, сакральные и экзотические места Баткенской области: история, настоящее и будущее» и отмечены деятельности в данном проекте покойных ученых А.Джалилова и А.Машрабова. В целях дальнейшего развития туристической отрасли была отражена важность организации туристской экспедиции «По следам Захириддина Бабура», а также изучены улучшения инфраструктуры за счет привлечения туристов из ближнего, дальнего зарубежья и пути пополнения казны страны. Отмечено значение историко-археологических памятников так, как Баткенские петроглифы, Зеркальный камень, Канская крепость и другие для привлечения туристов.*

***Ключевые слова:*** *Баткен, туризм, исследования, исторические памятники, сакральные места, возможности.*

*This article discusses the role of tourism in the development of Kyrgyzstan, the conditions for the development of tourism in the Batken region: nature, mountains, water, historical sites, etc. despite its convenience, it was noted that the industry is not developing. It is advisable to preserve historical monuments, sacred places and natural beauties, which are the main prerequisites for the development of tourism in Batken region. Researchers of Batken State University carried out a research project: "Historical, sacred and exotic places of Batkenregion: history, present and future" and noted the activities of the late scientists A. Jalilov and A. Mashrabov in this project. In order to further develop the tourism industry, the importance of organizing a tourist expedition «In the footsteps of Zahiriddin Babur» was reflected, and infrastructure improvements were studied by attracting tourists from near and far abroad and ways to replenish the country's treasury. The importance of historical and archaeological monuments such as Batken petroglyphs, Mirror stone, Kansk fortress, etc. is noted. to attract tourists.*

***Key words:*** *Batken, tourism, research, historical monuments, sacred places, opportunities.*

Кыргызстанды өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарынын бири туризм тармагы. «Туризм секторун өнүктүрүүнүн негизги максаты – Кыргызстандын жана чет өлкөлүк жарандардын туристтик кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарын канааттандырган, ошондой эле Кыргыз Республикасында туруктуу өнүгүү үчүн шарттарды камсыздаган заманбап атаандаштыкка жөндөмдүү туристтик комплексти түзүү болуп саналат» [1].

Баткен областынын аймагында туризм тармагын өнүктүрүүгө бир канча шарттар – кооз жаратылышы, бийик тоолору, минералдык суулары, тарыхый объектилери, экзотикалык, ыйык жайлары бир топ ыңгайлуу жана өзгөчө болгондугуна карабастан, бул тармактын артта калып жаткандыгы кейиштүү.

Кыргызстандын кооз жаратылышы бардык аймактарга мүнөздүү болгондугуна карабастан, алар жайгашуу орду, климаты, тарыхы ж.б. айырмачылыктары менен өзгөчөлөнөт. Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашкан Баткен аймагы байыркы, орто кылымдарга таандык бир канча тарыхый артефакттардын

мекени.

БатМУнун окумуштуулары тарабынан «Баткен областындагы тарыхый, ыйык жана экзотикалык жерлер: тарыхы, бүгүнкү абалы жана келечеги» аттуу илимий долбоордун алкагындагы эки жылдык изилдөө иштеринин натыйжасында 2012-2013-жж. облустун аймагындагы тарыхый, ыйык жана экзотикалык жерлер изилдөөгө алынган.

Илимий долбоордун максаты – облус аймагындагы тарыхыйэстеликтерге, ыйык, экзотикалык жерлерге байланышкан материалдарды топтоо, алардын жайгашкан орду, тарыхы же эл оозундагы айтымы, учурдагы каралыш абалын изилдөө, келечекте калк ажатына жаратуу боюнча сунуштарды даярдоо, жоголуу абалында турган тарыхый эстеликтерди коргоого алуу жана облустун аймагында ички жана тышкы туризмди өнүктүрүү болгон.

Илимий долбоордун эки жылдык жыйынтыгы менен Баткен дубанынын аймагынан 100гө жакын касиеттүү жерлер изилденүү менен Кыргызстандын тарыхы, элибиздин эмприкалык, диний философиясы, тарыхый географиясы, филологиясы, өзгөчө кыргыз кыртышында жаңы гана пайда болуп келаткан антропологиясы үчүн маанилүү маалыматтар чогултулган.

Баткен областынын аймагындагы Шудуман, Жоо-Пая, Котур-Булак суулары, Туз үңкүрү, Кум мазар ж.б. жайлардын табигый касиеттерин сыркоологондор илгертен бери эле дартка даба катары кеңири пайдаланып келишкен. Ал эми Азирет Алинин кадам жайлары, Аст-Дөөт, Ак-Эчки мазары, Кожо-Гүлстан сыңарылар азиз жерлер катары эсептелип, элдин аңындагы ыйыктыктар катары аларга терең ишеним артылган, алардан өзүнө таяныч издеген, куран окуп, табынуу жөрөлгөлөрүн жүргүзүп, рухтарын аруулап турушкан.

Кен (Кудаяр хандын) чеби, Кан-и-Гут үңкүрү, Рабат кербен сарайы, Ташбек датка сыяктуу ж.б. тарыхый жерлерди, дартка даба болуучу, эс алуучу жана зыяраттык жайларды туристтик-музейлик, саякат базаларына айландыруу зарылдыгы сунушталган.

Аталган долбоор БатМУнун тарыхында КР билим берүү жана илим министрлиги тарабынан конкурстук негизде каржыланган алгачкы долбоор болгон. Илимий долбоорду ишке ашыруу менен – буга чейин илимий жактан кол тийбеген, коммунисттик доордун тушунда эскичил деп аталган, ата-бабалардан ыйык катары сакталып келе жаткан тарыхый, ыйык жана экзотикалык жерлер изилденип эле калбастан, коомчулукка жарыяланып, туризм тармагын өнүктүрүүгө жакшы саамалык болору белгиленген.

Илимий долбоордун жетекчиси катары ф-м.и.д., профессор М.М. Тайиров илимий долбоорду ишке ашырууда астейдил аракеттенип, уюштуруу, курамды тандоо, каржылоо сыяктуу негизги милдеттерди аткарган. Финансылык каржылоо минималдык өлчөмдө болгондуктан, ал негизинен сапар ж.б. чыгымдарга гана жетип турган. Ал эми ф.и.к., проф. А. Жалилов Кадамжай району, Кызыл-Кыя шаарынын аймагында изилдөө жүргүзүү менен кошо бизге объектилерди тандоо, тактоо, жазуу, илимий негиз берүү, эл арасындагы материалдарды чогултуу ж.б. көрсөтмө берип, биздин илимий потенциалыбызды, жазуу стилибизди сыпаттаган усулдук жетекчибиз болгон. Албетте, мен А. Жалиловдон буга чейин жана ушул илимий долбоордун алкагында илимий изилдөөлөр, жазуу стили ж.б. багыттарда көп нерсени үйрөнгөндүгүмө, андан практикалык сабак алгандыгыма терең ыраазы болуу менен бирге ал инсандын рухунун алдында өзүмдү жооптуу катары сезип келемин. Илимий эмгекти басмага даярдоодо А. Жалилов башкы редактор катары өтө жоопкерчилик менен кыска мөөнөттө бүтүргөндүгүн жана бул эмгек анын акыркы эмгектеринин бири экендигин белгилеп коюуга тийишбиз.

Илимий долбоорду ишке ашырууда ф.и.к. А.Машрабов – Лейлек району жана Сүлүктү шаарынын аймагын, т.и.к. А. Кадыров – Баткен району жана Баткен шаарынын аймагын изилдешкен. Илимий долбоордун акыркы жылында Абдиева А., Алимов И., Бердиев А., Нурдинова Г., Таиров Х. илимий кызматкер катары катышып, долбоорду жыйынтыктоого чоң салым кошушкан.

Биз бүгүн маркум Абдималик Амировичтин аталган илимий долбоорго кошкон салымынын өзгөчө экендигин анын 65 жылдык маарекесине арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда айтып коюуга тийишбиз. А.Машрабов тарабынан Лейлек району жана Сүлүктү шаарынын аймагындагы 40 тан ашуун объектилер изилденген. Азирети Дөөт пайгамбар, Ахун баба жана анын кереметтери, Алтын-Бешик уламышы, Кожо-Гүлстан, Зулпучач сыяктуу материалдар эл арасындагы айтымдары менен кошо изилденип, окурманга жеткиликтүү тилде жазылган.

Аталган илимий долбоордун мөөнөтү бир жылга кыскарып кеткендигине байланыштуу жана басылманы басып чыгарууга каржылоо бөлүнбөй калгандыктан А.Машрабов жеке демилгеси менен «Баткен областындагы тарыхый, ыйык жана экзотикалык жерлер: тарыхы, бүгүнкү абалы жана келечеги» аттуу илимий эмгек (12 басма табак, 400 нуска) жарыкка чыгып, окуу жайдын бардык түзүмдөрүнүн китепканаларына тапшырылгандыгын жана ал эмгек аймак таануу тармагындагы баалуу илимий эмгектердин катарын толуктагандыгын баса белгилөө ашыктык кылбайт [2].

Биз бүгүн илимий долбоорлор менен кошо кыргыз илимине, кыргыз филологиясына, кыргыз педагогикасына олуттуу салым кошкон илимпоз, окумуштуу устаттарыбыз Абдиманнап Жалиловдун, Абдималик Машрабовдун арбактарына таазим этип, жайларынын жаннаттан болушун тилейбиз.

Маркум А. Жалиловдун жана А. Машрабовдун көздөрү өтүп кетсе да, алардын илимий эмгектери, илимге кошкон салымдары, илимий ачылыштары, илим-билим жаатында окуткан, тарбиялаган шакирттери, санаалаштары жана окурмандары калды. Алардын бул жарык дүйнөдөгү жашоолору токтогону менен алар баштаган илим-билим чөйрөсүндөгү иштери шакирттери тарабынан улана берери эч кандай күмөн жаратпайт. Анткени, бул жашоонун, бул тирүү дүйнөнүн тээ алмустактан бери карай келе жаткан жана мындан ары да адамзат жашоосу бул жарыктыкта токтоп калгычакты боло турган айныгыс жана адилеттүү мыйзамы ушул эмеспи.

Биз да улуу устаттарыбыз баштап кеткен илимий иштерди мындан ары улоо максатында Баткен аймагында туризм тармагын өнүктүрүү боюнча төмөнкүдөй изилдөөлөрдү жана илимий тыянактарды жүйө келтиребиз.

Баткен областынын аймагында петроглифтер (сүрөт-жазма эстеликтер) жакшы сакталган. Окумуштуулар аларды мындан II-IV миң жыл мурдагы мезгилге таандык деп эсептешет. Баткен районунун Кара-Токой аймагындагы Сүрөттүү коктусундагы сүрөт-жазма эстеликтерди окумуштуу Л.Жусупакматов: «Ааламдын карта-схемасы» деп тааныган [3]. Анын мындай аныктамасын москвалык окумуштуулар да колдогон. БатМУнун окумуштуу-тарыхчылары тарабынан Баткен аймагында мындай объектилердин 10 катталган. Алардын ичинен 1000 ден ашуун петроглифтер камтылган Кара-Эгизе тоосунун 10 га аянты тосулуп, ачык асман алдындагы музейге айланган.

Захириддин Бабур 1503-ж. Шейбани хандан жеңилип, Ооганстанга карай бараткanda Баткен аймагы аркылуу өтүп, андагы «Күзгү таш» жөнүндө: «Исфаранын бир четинде, адырлардын арасында бир таш бар. Аны Күзгү таш дешет, узундугу 5-6 метрдей, бийиктигинин кээ бир жери киши боюндай, кээ бир жери кишинин көкүрөгүнө чейин, андан күзгүдөй ар нерселер көрүнөт», - деп жазган [6].

Биз Бабурдун «Күзгү ташынын» жайгашкан ордун таап, анын өлчөмү, сакталуу ж.б. абалына карата изилдөө жүргүзүп, илимий божомол чыгардык жана атайын видео ролик даярдап, интернетке жайгаштырдык.

Өзбекстандын Кыргызстандагы элчилиги Захириддин Бабурдун материалдары боюнча сурамжылоо жарыялаганда (2019-ж.) «Күзгү таш» жөнүндө биз берген маалыматка кызыгып, аны көрүүгө келишерин билдиришкен. Бирок, пандемия ага тоскоолдук жаратты.

Баткенде «Захириддин Бабурдун баскан изи менен» аттуу туристтик экспедицияны уюштуруу максаттуу болот деген пикирдебиз. Анткени, Захириддин Бабур өзү жазгандай:»...бир кыш жашап, бир канча кыйынчылыктарды баштан өткөрүп, (Баткен районунун Кыштут аймагында К.А.) ашуу ачылган соң (Зардалы аркылуу К.А.) Гератка ашып кеткен»[4].

Бул аркылуу Захириддин Бабурдун баскан изине зыярат кылуучулар кошуна жана чет өлкөлөрдөн четтен табылары шексиз. Экинчиден, Дара аймагы жана Зардалы айылы туристтердин кызыктуу жайына айлануусу эч кандай шек жаратпайт. Дара аймагынын уникалдуу жаратылышы, инфраструктурадан сыртта турган, экологиялык Зардалы айылынын турмушу, Жоо-Паядагы 40, Шудумандагы 80 градус минералдык суулары эч кимди кайдыгер калтырбайт. Үчүнчүдөн, бул аймак тарыхый эстеликтерге, окуяларга бай. Орто кылымдарга таандык Кен чеби (элде Кудаяр хандын чеби деп да аталат) Кыргызстанда сейрек кездешүүчү пахса дубалдан курулган, 5,9 га аянтты ээлеген, жакшы абалда сакталган стратегиялык маанилүү объект.

Биздин изилдөөбүз боюнча бул объект Ферганадан Кара-Тигинге кетүүчү Улуу Жибек жолунун боюна курулган, аталган жол бир топ татаал, кооптуу болгондугуна карабастан, кыска жана маанилүү болгон. Бийик тоолор арасында кууш капчыгайдагы албуттанган дарыяны жээктей жүргөн жол Кара-Тигинден ары Афганистан, Иран, Пакистан жана Индияга чейин кеткен. Кышында ашуулар жабылып калгандыктан, каттоо токтогон, ошондуктан, Захириддин Бабур ашуунун ачылышын жайга чейин күткөн. Орус окумуштуусу жана саякатчы А.П. Федченко 1871-ж. июль айында Сохко келип, бул жол аркылуу ашууга чейин барууга абдан кызыккан. Бирок, жол баштоочу жолдун татаалдыгын жана кооптуулугун айтып, аны ынандырган. Окумуштуу, саякатчы Сохто атайын бир күн өргүп, дарыянын куймаларын картага түшүрүп, ири ашууларды, бул аймакта жашаган урууларжана уруу башчыларына чейин жазып калтырган [5].

Эки жыл удаасы менен кайталанган Баткен окуясында (1999-2000-жж.) да бул жол аркылуу келген исламдык жоочулар ашуу ачылган учурда гана каттап, согуштук аракеттерин жүргүзүшкөн жана өздөрүнүн негизги турак орду катары Шудуманды тандашкан. Анткени, бул аймакка башка тараптан кол салуу коркунучу болбогон. Экинчиден, 80 градустагы минералдык-табигый суу күндөлүк муктаждыктары үчүн абдан ыңгайлуу болгон.

Биз сөз кылып жаткан Кан чебинин курулушунун зарылдыгы жана мааниси да ушул жол менен байланыштуу экендиги эч кандай күмөн жаратпайт жана тарыхый жактан өтө сейрек кездешүүчү уникалдуу архитектуралык эстелик келген туристтердин көз жаздымынан четте калбастан, алардын орто кылымдардын архитектурасына болгон кызыгууларын арттырат. Чептин коргонуу жана көзөмөлдөө максатында курулгандыгын эч ким танбайт. Чеп түштүктөн түндүккө карай бир нече чакырымга созулган кууш капчыгайды баштан-аяк жана Кожо-Ашканга кетүүчү чыгыш тарапты толук көзөмөлдөй турган жол жана

дарыя боюндагы атайын тегизделген дөңсөөгө курулган. Чептин көрүнөө жерлеринде цилиндр формасындагы имараттар – кароолканалар, кызмат бөлмөлөрү бар. Дубалды бойлой мылтык учу эркин баткыдай көзөнөктөр бардык тарабында жайгашкан.

Бул чептин стратегиялык жактан маанилүү экендиги 1999-жыл Баткен согушунда дагы бир ирет далилденди. Анткени, сакалчан жоочулар япондук геологдорду жана кыргыз генералын колго түшүрүүдө ушул чепти күзөт бекети катары пайдаланышкан. Тарыхтагы айрым окуялар кайталанып турган сыяктуу орто кылымдарда да түштүктөн келүүчү жоого каршы турууда чептин мааниси жогору болгон деген пикирлер бар. Бүгүнкү күндө чепти коргоо жана анын айланасында зыяратчылар үчүн ыңгайлуу инфраструктураны түзүү маселеси көңүл борборунда турат.

Жыйынтыгында Баткен областынын аймагында туризм тармагын өнүктүрүү үчүн төмөнкү маселелерге көңүл буруу керек:

- областтын аймагындагы ыйык жерлердин инфраструктурасын мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоору аркылуу калыбына келтирүү менен ички жана жакынкы өлкөлөрдөн келүүчү зыяратчыларды тартуу;

- областтын аймагындагы тарыхый эстеликтердин айланасындагы инфраструктураны түзүү менен алыскы өлкөлөрдөн келүүчү туристтерди тартууну ишке ашыруу;

- туристтик компанияларга кеңири мүмкүнчүлүк түзүү;

- тарыхый-археологиялык, архитектуралык эстеликтерди коргоо, илимий изилдөө, жарыялоо иштерин улантуу, инвестицияларды тартуу боюнча долбоорлорду ишке ашыруу;

- туризм тармагындагы алгылыктуу иштер боюнча коомчулукка кеңири маалыматтарды жарыялап туруу.

**Адабияттар:**


1. Кыргызская Республика. Стратегия развития страны. - Б., 2007. - Б. 50.
2. Баткен областындагы тарыхый, ыйык жана экзотикалык жерлер. - Б., 2015.
3. Джусупакматов Л.Дж. Древние картосхемы земли в пиктографии петроглифов Кыргызстана. - Б., 2014. - С. 151.
4. Бабур Захириддин Мухаммед. Бабур-Наме. - Т., 1989. - С. 7
5. Федченко А.П. Путешествие в Туркестан. - М., 1950.
6. Кадыров А., Кадыров А. Баткендеги байыркы сүрөт-жазма эстеликтер. Известия вузов Кыргызстана. №11. 2016. – С. 136. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2016/11/2/
7. Кадыров А. Баткен районундагы археологиялык эстеликтер: изилдөөлөр жана жыйынтыктар. Наука и новые технологии. №5. 2013. - С. 28. http://www.science-journal. kg/ru/journal/1/2013/5/